GLOBAL CENTRE FOR PLURALISM
CENTRE MONDIAL DU PLURALISME

Кыргызстандагы тарых жана эс тутум – инклюзивдүү коомго карай

# Кыргыздардын диний түшүнүктөрүнүн өнүгүшүн изилдөөдө таштагы жазма эстеликтердин орду

**Шабданалиев Негизбек мырза**

2018-жылдын апрели


**Аннотация**

Кыргыздар жана учурунда Кыргызстандын аймагында жашап өткөн башка элдер тарыхта ар кандай жазууларды колдонуп келишкен. Бул жазуулар менен жазылган эстеликтер учурда илим дүйнөсүндө тилдик, фольклордук, тарыхый ж.б. аспектилерден алып караганда негизги булактардын бири катары колдонулуп келет. Аталган эстеликтер кыргыздардын диний ишенимдеринин өнүгүшүн изилдөөдө да маанилүү оорунга ээ. Мисалы, ар кайсы доорлордо ар кыл авторлор кыргыздардын жана учурунда Кыргызстандын аймагында жашап өткөн башка элдердин диний ишенимдери тууралуу маалымат берип келишкен. Алсак, Чыгыш Теңир-Тоо, Чыгыш Түркстан аймагы байыртадан эле буддизм, христианчылык, манихейчилик жана бакшычылык тараган аймак болуп, Талас, Исфиджаб зороастризм, христианчылык, манихеизм сыяктуу ишенимдердин таасиринде болуп келгендиги маалым. Бул тууралуу В. Д. Горячева, В. А. Лившиц, А. Мокеев өңдүү окумуштуулар айтып келген. Мындай маалыматтар таштагы жазма эстеликтердин тексттери менен да тастыкталып турат. Жазма эстеликтерде өз дооруна тиешелүү диний түшүнүктөрдү чагылдырган сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр кездешет. Булар кыргыздар жана учурунда Кыргызстандын аймагында жашап өткөн башка элдер тарыхта ар кандай диний ишенимдерди тутунуп келишкендиктерин дагы бир ирет далилдейт. Бул диний ишенимдердин изи бүгүнкү күндө кыргыздардын элдик аң-сезиминде сөз, сөз айкашы, фразеологизм, ырым-жырым түрүндө сакталып келүүдө. Демек, кыргыздардын жана учурунда Кыргызстандын аймагында жашап өткөн башка элдердин тарыхында кайсы бир диндин абсолюттук үстөмдүгү болгон эмес, дайыма табигый суперэкуменизм (диний плюрализм) өкүм сүрүп келген.

Учурда да кыргыздардын көпчүлүгү мусулман болгону менен, башка диний агымдар да өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. Алсак, Кыргызстанда салттуу дин деп каралган ислам (82,7%) жана христианчылыктын (16%) өкүлдөрү менен катар, өздөрүн бахаи, иудей, буддист деп эсептеген жарандар да бар. Демек, учурда да Кыргызстанда кандайдыр бир деңгээлде суперэкуменизм (диний плюрализм) сакталууда.

Жогорудагы маалыматтар кыргыздар жана кыргызстандыктар тарыхта тутунуп келген ар кандай диний ишенимдер азыркы кыргыз элинин тарыхый эс тутумунда сакталып калгандыгын көрсөтүп турат. Демек, кыргыздар жана кыргызстандыктар тарыхый көп диндүүлүктү баштан өткөргөн жана башка диндерге карата сабырдуу болуу потенциалына ээ.